| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧУЙ ОБЛУСУ**<br>**СОКУЛУК РАЙОНУ**<br>**МАНАС**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**МАНАССКОГО** |

I чакырылыштын 8-(кезексиз) сессия

**ТОКТОМ №49**

**03.10.2025- ж.** **Манас айылы**

**“Манас айыл аймагында “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамын ишке ашыруу жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 6-декабрындагы №194 “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 22-февралындагы №54 Жарлыгынын негизинде Манас айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Манас айыл аймагындагы калктын тынчтыгын жана бейпилдигин камсыз кылуу максатында, төмөнкү убакыт аралыгы нда үн басымынын жана ызы-чуунун белгиленген деңгээлинен ашууга жол бербөө үчүн тийиштүү чаралар көрүлсүн;

- жумуш күндөрү - саат 22:00ден 07:00 ге чейин;
- дем алыш жана майрам күндөрү - саат 22:00ден 09:00ге чейин;

2.Манас айыл аймагынын жашоочулар арасында жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдардын талаптарын сактоого, түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

3.Ушул Мыйзамдын ченемдерин бузуу Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде каралган жоопкерчиликке алып келүүсү эске алынып, Мыйзам бузуулар катталган учурда тийиштүү административдик жазалар колдонулсун.

4.Ушул тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө Манас айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э.Мусурманкуловго жүктөлсүн.

**Төрайым** **Момунова Р.К**